Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын

Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту

Д 07.23.671 диссертациялык кеңеши

**ПРОТОКОЛ № 39**

Бишкек ш. 15- ноябрь 2024-ж.

*Төрага:* Осмонов Ө. Ж. - т.и.д., профессор.

*Окумуштуу катчы:* Карыева А. К. - т.и.д., доцент.

Катышкандар:

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) – т.и.д. – 07.00.02
2. Айдаркул Каана (төраганын орун басары) – т.и.д. – 07.00.02; 07.00.03.
3. Карыева Анара Карыевна (окмуштуу катчы) – т.и.д. – 07.00.02; 07.00.09.
4. Абытов Байболот Капарович –т.и.д. – 07.00.02; 07.00.09 (**ОНЛАЙН**)
5. Алымбаев Жээнбек Байыскулович – т.и.д. – 07.00.02; 07.00.09
6. Арзыматова Айнура Атыгаевна – т.и.д. – 07.00.02; 07.00.09
7. Болпонова Асыл Бактыбековна – т.и.д. – 07.00.02.
8. Дадабаева Гульнара Рахимовна – т.и.д. – 07.00.03. (**ОНЛАЙН**)
9. Джуманалиев Акылбек Джуманалиевич – т.и.д. – 07.00.02.
10. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович – т.и.д. – 07.00.02
11. Кылычев Акылбек Мукаевич – т.и.д. – 07.00.02; 07.00.09
12. Омурова Жаймыкат Орозобековна – т.и.д. – 07.00.02; 07.00.03.
13. Эсенкулов Нурмамат Жокенович – т.и.д. – 07.00.02.

**Күн тартиби:**

1. Шаршенбек кызы Айперинин «Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын алдын ала

коргоосу. Адистиги: 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых. *Илимий жетекчиси*: т.и.д., доцент Омурова Ж. О.

**Төрага:** Күн тартиби боюнча суроонуздар барбы? Анда бекитебиз, добуш бериңиздер: «Макул» - 13, бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Изденүүчүнүн өздүк делосу менен таанышуу үчүн окумуштуу катчы т.и.д. Карыева Анара Карыевнага берилет

**Окумуштуу катчы:** изденүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** Окумуштуу катчыга суроонуздар барбы? Жок. Сөз изденүүчү Шаршенбек кызы Айпериге берилет.

**Изденүүчү:** Учурдагы болуп жаткан ааламдашуу шарттарында дүйнө өлкөлөрүнүн маданий-гуманитардык жааттагы кызматташтыгы артыкчылыктуу мааниге ээ болуп, саясий жана экономикалык мамилелер менен бир катар тышкы саясаттын үчүнчү өлчөмү катары баалануууда. Дал ушул мамилелер аркылуу мамлекеттер менен эл аралык уюмдар эл аралык аренада артыкчылыктарга ээ болуп, позитивдүү имидж жаратышууда.

Белгилгилүү болгондой, маданий-гуманитардык кызматташтык – мамлекеттердин маданият, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, маалыматтык технологиялар, спорт, массалык маалымат каражаттары (ММК), туризм, жаштар чөйрөсү ж.б. тармактардагы кызматташуусу болуп саналат. Ошол эле учурда, «маданий-гуманитардык саясат», «маданий дипломатия» жана «жумшак күч» сыяктуу факторлор диссертацияда маданий-гуманитардык кызматташуунун максаттарына жетүүнүн натыйжалуу куралы катары каралууда. Анткени, мажбурлоо саясатына караганда жагымдуу жүргүзүлгөн саясаттын негизинде маданий-гуманитардык багыттагы иш-чаралар көбүрөөк ишке ашырылып, өз ара түшүнүшүү жана сый-урмат мамилелерин калыптандырат.

Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө мамлекеттеринин өз ара мамилелериндеги көйгөйлүү маселелер катары алардын ар кандай мүмкүнчүлүктөрү менен позицияларын (көз караштарын) белгилей кетүү

зарыл. Анткени, өз кезегинде аталган уюмдун жалпы жана жеке максаттары менен милдеттерин макулдашууда жана ишке ашырууда айрым бир кыйынчылыктарга туш болууда. Белгилей кетүүчү нерсе болуп, аталган уюмдун ишмердүүлүгүнүн 2001-жылдан бери уланып келе жаткандыгына карабастан, маданий-гуманитардык байланыштар 2007-жылдан тартып гана иш жүзүнө ашырыла баштагандыгында. Уюмдун мүчө мамлекеттеринин маданий кызматташуусун жөнгө салган негизги документ болуп 2007–жылдын 16 -августунда Бишкекте кабыл алынган Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө-мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык тармактагы кызматташтык жөнүндөгү макулдашуу эсептелет.

Келишимде, өзгөчө көңүл өсүп келе жаткан жаш муундарга бурулууда. Буга чейин 2006-жылы Шанхай кызматташтык уюмунун ишмердүүлүгүндөгү стратегиялык актуалдуу багыт катары Жаштар Кеңеши түзүлгөн.

Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык кызматташтыгы 23 жылдын ичинде зор тажрыйбага ээ болду жана Евразия мейкиндигиндеги жашаган элдер менен мамлекеттердин ортосунда өзүнүн кадыр-баркын жана таасирин кеңейтти.

Белгилей кетүүчү маселе, изилдөөгө алынып жаткан илимий иштин азыркы учурга чейин жеткиликтүү деңгээлде иликтенбей, айрым бир маданий-гуманитардык жааттагы маселелердин изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып, илимий айлампага киргизилбей келе жаткандыгы саналат.

**Диссертациянын темасын обьектиси** – Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму.

**Диссертациянын темасынын предмети** – ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселелеринин жөнгө салынышы, негизги багыттары жана артыкчылыктары.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги **максаты** – Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык байланыштарынын

өнүгүүсүнүн тарыхый жолун талдоо менен бирге, уюмдун өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүн жана тенденцияларын ачып көрсөтүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн максатына жетүү үчүн изилдөөдө төмөнкүдөй милдеттер коюлган**:

1. Диссертациялык изилдөөнүн көйгөйлөрүнүн изилдениш деңгээлин аныктоо;
2. Изилдөөнүн булактаануусун типологиясы жана мааниси боюнча аныктоо;
3. Маданий-гуманитардык кызматташуунун концептуалдык негиздерин жана укуктук-ченемдик базасын талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий кызматташтыгынын негизги аспектилерин жана көйгөйлөрүн аныктоо;
5. Билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагында Кыргызстандын ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен интеграциялык процесстерин изилдөө;
6. Шанхай кызматташтык уюмунун университетинин түзүлүшүнүн зарылдыгын жана ишмердүүлүгүн мүнөздөө;
7. Учурдагы көп полярдуу мезгилде ШКУнун Жаштар кеңешинин стратегиялык маанисин жана ишмердүүлүгүн аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. ШКУнун Евразия мейкиндигинде көз карандысыз эл аралык уюм катары калыптануу тарыхында Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык өз ара мамилелерин изилдөө Кыргызстандын тарых илиминде алгачкылардан болуп изилденүүдө.
2. Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык өз ара мамилелерин Кыргызстан менен ШКУнун мүчө өлкөлөрүннүн ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташтык жылдарындагы ШКУнун расмий сайттарындагы укуктук-ченемдик жана башка документтери талдоого алынып, системалаштырылды.

3. Түрк, орус жана башка тилдердеги адабияттардын жардамы менен Кыргызстандын уюмга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык кызматташтыктарынын артыкчылыктуу багыттары (илим, билим берүү, театр ж.б.) каралып, туризм, экология жана башка жааттагы актуалдуу окуялары талдоого алынды.

4. Диссертациялык иште ШКУнун электрондук сайтынын архивдик материалдары, Кытай Эл Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин, Россия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинин интернет сайттарындагы материалдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Маданият, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, Туризм департаментинин, Саламаттыкты сактоо министрлигинин расмий аналитикалык маалыматтары, Улуттук Статистика комитетини жана айрым ведомстволордун расмий маалыматтары, Кыргызстандагы белгилүү аналитиктеринирн пикирлери илимий айлампага киргизилди. Аталган материалдар изилдөөнүн булактык базасын кыйла кеңейтти.

**Илимий иштеги коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

1. Кыргыз Республикасынын уюмга мүчө мамлекеттер менен маданий-гуманитардык кызматташтыгы үч этапта көрсөтүлдү: биринчи этап – укуктук-ченемдик базанын калыптанышы (2002-2010-жылдар); экинчи этап – аталган кызматташтык жаңы тармактарга жайылышы (2010-2017-жылдар); үчүнчү этап – уюмдун алкагынын кеңейиши жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушу (2017-2023-жылдар);

2. Кыргыз Республикасы менен ШКУнун мамлекеттеринин ортосундагы көп тараптуу форматтагы маданий-гуманитардык алакаларынын өнүгүүсү 2007-жылдан башталып, ал эми 2015 - 2023-жж. аралыгында маданият, билим берүү, илим, массалык маалымат каражаттары, туризм, спорт, экология ж.б. тармактарында ШКУнун ишмердүүлүгүнүн кеңейиши менен практикалык түрдө ишке ашырылган.

3. Кыргызстан менен ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы активдүү эки тараптуу жана көп тараптуу маданий байланыштар элдердин руханий жана материалдык мурастары менен тереңирээк таанышууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда “маданий дипломатия” аспектиси ШКУ өлкөлөрүнүн маданий кызматташтыгында маанилүү орунду ээлейт.

4. Учурдагы болуп жаткан ааламдашуу процесстеринин доорунда улуттук баалуулуктарды сактоо жана тарыхый эстеликтерди коргоо проблемалары ШКУга мүчө ар бир өлкөнүн маданий иденттүүлүктүн маанилүү багыттарынын бири катары актуалдуу болууда.

5. ШКУнун ишмердүүлүгүнүн мындан ары өнүгүүсү үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү уюмдун мүчө мамлекеттери үчүн стратегиялык мааниге ээ. Уюмдун Жаштар кеңешинин курамына ар бир мүчө мамлекеттин улуттук жаштар уюмдары кирет. Жаштар кеңештин мүчөсү катары Кыргыз Республикасынын атынан Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши эсептелинет.

6. Уюмдун алкагында кытай тилин үйрөнүү, кытай маданиятын жайылтуу, академиялык өз ара алмашуу, студенттердин мобилдүүлүгү, тармактык университеттерди жана ШКУнун университеттери аркылуу адистештирилген университеттердин ассоциацияларын түзүү жигердүү жүргүзүлүүдө, бирок тилекке каршы бул процесс негизинен бир жактуу ишке ашууда. Мисалы, чакан өлкөлөрдүн мамлекеттик бюджетинин чектелүү болгондугуна байланыштуу, академиялык мобилдүүлүк жаатында ал өлкөнүн катышуусу чектелүүдө.

7. Кыргызстан менен ШКУнун мүчө мамлекеттеринин ортосундагы маданий-гуманитардык багыттагы мамилелерде Кыргыз Республикасы азырынча пассивдүү иш алып баруудa.

**Корутунду**

1. Ата мекендик жана чет өлкөлүк тарыхнаамаларды талдоонун, изилдөөчү тарабынан тарыхый булактардын жаңы топтомун илимий жүгүртүүгө киргизүүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө

мамлекеттер менен маданий-гуманитардык кызматташтыгынын мезгилдүүлүгү түзүлүп, ал үч этапка бөлүндү;

2. ШКУ алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселелери уюм уюшулгандан баштап жөнгө салына баштаган. Ал байланыштардын артыкчылыктуу багыттары билим берүү, илим, маданият, массалык маалымат каражаттарынын, туризм, спорт, экология ж.б. экендиги тастыкталды. Аталган тармактарда боюнча Кыргыз Республикасы ШКУга мүчө өлкөлөр менен менен биргеликте тыгыз кызматташууга белсенип жаткандыгы анализденди;

3. Кыргызстандын ШКУнун мүчө мамлекеттери менен активдүү жүргүзүп келген эки тараптуу жана көп тараптуу маданий багыттагы алакалары келечекте элдердин руханий жана материалдык мурастары менен тереңирээк таанышууга мүмкүндүк берет. ШКУнун мамлекеттеринин маданий кызматташуусунда «маданий дипломатия» маселеси олуттуу орунду ээлеп келет. Бирок, ар башка маданиятта жашаган элдердин башын кошкон бул уюмдун ишмердигинде кедерги жараткан бир топ маселелер бар. Ар бир улуттун, мамлекеттин эч нерсеге алмаштырылгыз кылымдан кылымга сакталып келген улуттук баалуулуктары маанилүү орунда турат. Ошондуктан, маданий алаканын бир багыты болгон тарыхый эстеликтерди саткоо, коргоо жаатындагы көйгөй жараткан маселерин эске алуу олуттуу болуп эсептелет.

4. ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташууда туризм маанилүү тармак – дүйнөлүк, улуттук экономиканын өнүгүшүнө эл аралык мамилелерди чыңдоого салым кошот. "ШКУнун сегиз керемети" планы мүчө мамлекеттерде бирдиктүү туристтик мейкиндикти түзүү жана дүйнөгө уюмдун өлкөлөрүнүн маданий мурасын, туризмин өнүктүрүүнүн ар түрдүүлүгүн жана потенциалын таанытуу болгон.

5. ШКУ алкагындагы кызматташуунун эң маанилүү багыттарынын бири – билим берүү жана илим тармагы. Билим берүү, илимий байланыштар мамлекеттердин экономикалык, социалдык, маданий жана интеллектуалдык потенциалын жогорулатууга көмөктөшөт. Кыргызстан уюмдун мүчөлөрү

менен бирге билим берүү, илимий-техникалык жаатта ар тараптуу кызматташтык механизмдеринин форматтарын түздү; Кыргызстандын бир нече окуу жайы ШКУнун университетинин ишмердүүлүгүнө активдүү катышып жатат;

6. ШКУнун келечектеги жашосу үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү мүчө өлкөлөр үчүн стратегиялык мааниси өтө жогору. Жаштар уюмдун байланыштарын түзүүдө, улантууда, анын долбоорлорун сунуштоодо жана жайылтууда кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ. ШКУнун Жаштар кеңешинин курамына ар бир мүчө-мамлекеттин улуттук жаштар уюмдары кирет: Кыргыз Республикасынан - Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши; Кыргыз жаштары Жаштар кеңешинин алкагында кыргыз жеринин кооздугун даңазалаган туризм, ошону менен катар илим, билим, спорт тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө салым кошууда.

7. Кыргызстан КЭР менен "Бир алкак, бир жол" долбоорунда маданий-гуманитардык кызматташтыкта кеңири чөйрөдө кызматташтыгы Жибек жолунун айдыңындагы жайгашкан мамлекеттердин тарыхый маданий мурастарды биргелешип пайдаланууну көздөйт. Ошону менен катар Кытай жарандарынын БА анын ичинде Кыргызстандагы активдүү мадиний жана илимий жаатагы жараяны ШКУ уюмунун ишмердүүлүгү менен тыгыз байланыштуу. Уюм 20 жылдан ашык жашоосунда КЭРдин концепцияларын ишке ашырууда негизги таянычы катары чыга алгандыгы айдан ачык. Көптөгөн эксперттер белгилегендей учурда Кыргызстандын экономикалык, социалдык ж.б. чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүндө Кытайдын таасири жана катышы дайыма сезилип турат.

**Төрага:** Кесиптештер сиздердин изденүүчүгө суроонуздар барбы? Сөз Айдаркул Каанага берилет.

**Айдаркул К.:** Кайсыл кандидаттык жана докторлук диссертациялык иштерди пайдаландыңыз?

**Изденүүчү:** Диссертацияны жазууда орус, кытай жана кыргыз окумуштууларынын диссертациялык иштерин пайдаландым. Орус

окумуштууларынын ичинен Е.В. Журавлеванын «Политика «мягкой силы» КНР в отношении стран Центральной Азии. На примере Казахстана и Монголии (2007–2015 гг.)» аталышындагы жана Н. В. Серебряковaнын «Шанхайская Организация Сотрудничества: проблемы политической интеграции в Центральной Азии» деп аталган кандидаттык диссертацияларды пайдаландым. Кыргыз окумуштууларынын ичинен илмий жетекчим Ж. О. Омурованын «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү" деген докторлук диссертацисын, ошондой эле кытай окумуштууларынын ичинен Лян Чжэньпэндин «Китайская политика в Центральной Азии (2000–2017 гг.)» жана Чжоу Цзюндун «Политическое измерение взаимодействий Китая и стран Центральной Азии в евразийских интеграционных структурах» деп аталган кандидаттык диссертацияларын пайдаландым.

**Төрага:** Сөз Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбековичке берилет.

**Жакыпбеков Ж. Ж.:** Менде изденүүчүгө 2 суроо бар: 1. Диссертациялык ишти жазууда тарыхнаамада Түштүк Чыгыш Азия (Кытай, Индия, Пакистан, Япония) окумуштууларынын эмгектери кирди деп жазыптырсыз. Кытай окумуштууларынын орус тилиндеги эмгектерин колдонупсуз, ал эми Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн окумуштууларынын эмгектеринин оригиналдарын пайдаланууга мүмкүнчүлүктөрүңүз болдубу? Эгер мүмкүнчүлүктөрүңүз болсо, аларды кайсыл жолдор менен которуп пайдаландыңыз?

2. ШКУнун мүчө мамлекеттери менен Кыргызстан тыгыз байланышта, кызматташтыкта да салымы бар. Азыркы учурда болуп жаткан Израиль менен Палестинанын ортосундагы согуш боюнча жана Украина менен Россиянын ортосундагы мамилелер боюнча Кыргыз Республикасынын президенти өз пикирин билгизип келет. Сиздин жеке пикириңиз кандай? Кыргызстан ушул эки маселе боюнча кандай аракеттерди көрөт жана жеке салымы кандай деп ойлойсуз?

**Изденүүчү:** 1. илимий изилдөөнү жазууда Түштүк Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн (Кытай, Индия, Пакистан, Япония) окумуштууларынын эмгектерин пайдаландым. Кытай окумуштууларынын эмгектери орус тилинде, ал эми Индия менен Пакистандын окумуштууларынын эмгектерин англис тилинен, япон окумуштууларыныкын япон тилинен котордум. Ангис жана түрк тилдерин билген үчүн оригиналын алып өзүм котордум, япон тилин университетте окуганмын, бирок япон тилиндеги эмгектерди сөздүктүн жардамы менен которуп колдондум. 2. Диссертациялык ишти жазууда Шанхай кызматташтык уюмунун маданий-гуманитардык багыттагы гана кызматташтыгын, Кыргызстандын да уюмдун алкагында мүчө мамлекеттер менен маданий-гуманитардык жааттагы гана кызматташтыгын карадым. Коопсуздук багытын илимий иште караган жокпуз. Бирок, сиздин суроонузду эске алам.

**Төрага:** Сөз Болпонова Асыл Бактыбековнага берилет.

**Болпонова А. Б.:** Менде 2 суроо бар: 1. Эмне үчүн бул теманы тандап алдыңыз? 2. 4-баптын 3-параграфында Жаштар Кеңешин караганда, жаштарды тарбиялоодогу стратегияны жана Кытай менен Кыргызстандын жаштарын тарбиялоодо кандай айрымачылык же окшош жактары бар?

**Изденүүчү: 1.** Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө мамлекеттери менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтык ушул күнгө чейин толук изилденген эмес. Эреже катары, эл аралык уюмдардын, мамлекеттердин ортосундагы гуманитардык кызматташуу чөйрөсүнө билим берүү, маданият, илим жана техника, туризм, дене тарбия, журналистика, гуманитардык жардам ж.б. кирет. Маданий-гуманитардык кызматташтык аркылуу мамлекеттер жана уюмдар эл аралык аренада кадыр-баркка ээ болуп, өздөрү жөнүндө оң абройун жаратышат. Аталган кызматташтыктын алкагында маданий борборлорду уюштуруу, мекендештер менен иштөө, чет өлкөлүктөрдү жумушка тартуу аркылуу өлкөлөр өз маданиятын жайылтууга мүмкүнчүлүк ала алышат. Ошол себептен, бул теманы актуалдуу деп эсептеп, тандагам. 2. 4-бапта Жаштар Кеңешин карап жатып, ЖКнын стратегиясын,

милдеттерин, алып барып жаткан иштерин, ишмердүүлүгүн караганбыз. Бирок Кытай менен Кыргызстандын жаштарын тарбиялоодогу идеологияны караган эмеспиз. Бирок эске алам суроoңузду.

**Төрага:** Сөз Джуманалиев Акылбек Джуманалиевичке берилет.

**Джуманалиев А.:** Менде суроо эмес, пикирим бар. Иште актуалдуулугун окуп жатып "Белгилей кетүүчү нерсе" – деген сүйлөмдү окудум. "Нерсе" - эмес, анын ордуна "Маселе" - деп койсоңуздар кандай болот?

**Изденүүчү:** Пикириңизди туура кабыл алабыз. "Нерсе" - эмес, анын ордуна "Маселе" – деп беребиз.

**Төрага:** Сөз Алымбаев Жээнбек Байыскуловичке берилет.

**Алымбаев Ж. Б.:** Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө болуп он өлкө кирет. Кыргызстан ошол он өлкө менен тең маданий-гуманитардык багыттагы кызматташтыкты жүргүзүп келеби?

**Изденүүчү:** Кыргызстан Шанхай кызматташтык уюмунун алкагында эгер, маданий-гуманитардык жааттагы көп тараптуу кызматташтыгын ала турган болсок, анда бардык он өлкө менен тең кызматташып келет. Эгер, эки тараптуу кызматташтыгын ала турган болсок, анда маданий-гуманитардык багытта көбүнчө Россия Федерациясы жана Кытай Эл Республикасы менен кызматташып келүүдө.

**Төрага:** Сөз Кылычев Акылбек Мукаевичке берилет.

**Кылычев А. М.:** Темаларыңыз тууралуу маселе жок. Ал эми авторефератты ачып окуганда кыргыз тилиндеги эмес сөздөрдүн түшүндүрмөсүн берсеңиздер болмок. Мисалы: "Бэрдемликс" – бул кайсыл тилден келген сөз, татар тилиненби, ал эмнени түшүндүрөт? Кашаанын ичине же, ссылка кылып берип койсоңуздар. Анан дагы бир маселе, сөздөрдү кыскартып "КЭР" дебей, "Кытай Эл Республикасы", "БА" дебей, "Борбордук Азия" деп эринбей толук жазсаңыздар жакшы болмок.

**Изденүүчү:** Сунуштарыңызды эске алабыз, түшүндүрмөлөрдү беребиз.

**Төрага:** Сөз Абытов Байболот Капаровичке берилет.

**Абытов Б. К.**: Менде диссертантка 3 суроо бар: 1. Орус тилинен башка тилдеги адабияттарды пайдаландыңызбы? 2. Маданий-гуманитардык кызматташтыкта Кыргызстан ШКУнун кайсыл мамлекеттери менен натыйжалуу иш алып барып келет? 3. ШКУУнун Кыргызстанга кандай конкреттүү жардам көрсөтүп жатат?

**Изденүүчү:** 1. Орус тилинен башка, англис, түрк жана япон тилиндеги эмгектерди пайдаландым. Англис тилиндеги эмгектерге Индиянын R. Sarwat, M. Singh Royдун, Пакистандын Das Kundu N. менен Muhammad Saif ur Rehmanдын эмгектерин колдондум. Түрк тилинде Асан Сулайманович Ормушевдин “Kırgızistan’ın Diplomatik İlişkileri» жана Бегимай Султанованын “Çin’in yumuşak güç politika uygulaması: Kazakistan-Kırgızistan örneği” деп аталган эмгектерди пайдаландым. Ал эми япон тилинде Симамуранын «История и проблемы создания Шанхайской организации сотрудничества» жана Фумихиконун «Стратегия «мягкой силы» Китая: акцент на идеологических аспектах” деп аталган эмгектерин колдондум.

**Төрага:** Дагы кимде суроо бар? Суроо жок болсо, анда **сөз экперттерге берилет.** Сөз Арзыматова Айнура Атыгаевнага берилет.

**Арзыматова А. А.:** Учурдагы болуп жаткан ааламдашуу шарттарында дүйнө өлкөлөрүнүн маданий-гуманитардык жааттагы кызматташтыгы артыкчылыктуу мааниге ээ болуп, саясий жана экономикалык мамилелер менен бир катар тышкы саясаттын үчүнчү өлчөмү катары бааланууда. Дал ушул мамилелер аркылуу мамлекеттер менен эл аралык уюмдар эл аралык аренада артыкчылыктарга ээ болуп, позитивдүү имидж жаратышууда.

«Маданий-гуманитардык саясат», «маданий дипломатия» жана «жумшак күч» сыяктуу факторлор диссертацияда маданий-гуманитардык кызматташуунун максаттарына жетүүнүн натыйжалуу куралы катары каралууда. Анткени, мажбурлоо саясатына караганда жагымдуу жүргүзүлгөн саясаттын негизинде маданий-гуманитардык багыттагы иш-чаралар көбүрөөк ишке ашырылып, өз ара түшүнүшүү жана сый-урмат мамилелерин калыптандырат.

2007– жылдын 16 -августунда Бишкекте кабыл алынган ШКУга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык тармактагы кызматташтык жөнүндөгү макулдашууда өзгөчө көңүл өсүп келе жаткан жаш муундарга бурулууда. Буга чейин 2006-жылы ШКУнун ишмердүүлүгүндөгү стратегиялык актуалдуу багыт катары Жаштар Кеңеши түзүлгөн.

Белгилей кетүүчү нерсе, изилдөөгө алынып жаткан илимий иштин азыркы учурга чейин жеткиликтүү деңгээлде иликтенбей, айрым бир маданий-гуманитардык жааттагы маселелердин изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып, илимий айлампага киргизилбей келе жаткандыгы саналат.

**Эскертүүлөр: 1)** Планды көйгөйлүү кылып жазуусу шарт; 2) Кытайдан Кыргызстанга келген студенттердин санын көбөйүшүнүн коркунучу тууралуу же параграфтын ичине же практикалык сунуштамага киригизилиши зарыл.

**Сунуштар: 1)** Кыргызстандагы Конфуций институттарынын толук санын көрсөтүлүүсү зарыл; 2) 3-баптын 3-параграфы 40 бет болуп кетиптир, азайтуу керек. Кандидаттык диссертация 150 беттен ашпаш керек.

Изденүүчүнүн чет тилиндеги адабияттарды колдонуп, өзүнүн которуп жатканын көрдүм. Андыктан, и зденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы диссертациясы Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык жазылган.

Документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Шаршенбек кызы Айперинин “Кыргыз Республикасынын Шанхай

кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы диссертациясын ачык коргоого сунуш кылам.

**Төрага:** Сөз Айдаркул Каанага берилет.

**Айдаркул К.:** Ааламдашуу шарттарында мамлекеттин ички жана тышкы саясаты, эл аралык аренадагы экономикалык кызматташтыгы ж.б. маселелеринин ичинде маданий-гуманитардык кызматташуу артыкчылыктуу мааниге ээ. Мамлекеттер маданий-гуманитардык кызматташтыкта аткарган иштери аркылуу таанылып, эл аралык аренада жана эл аралык уюмдарда өздөрү үчүн жагымдуу образын түзүшөт.

Маданий-гуманитардык кызматташтык – бул мамлекеттердин ортосундагы маданият, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, технология, спорт, маалымат, туризм, жаштар менен иштөө, адам капиталы, жарандардын өз ара пайдалуу байланышы жаатындагы кызматташуу жана достук, тынчтык чөйрөсүн түзүү болуп эсептелет. Мадний-гуманитардык байланыштарды өнүктүрүү ШКУнун ишмердүүлүгүнүн маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат. Уюмдун 23 жылдык жашоосундагы маданий-гуманитардык кызматташтыгы Евразия мейкиндигинде жашаган мамлекеттердин, элдердин жакындашуусуна салым кошуу менен уюмдун ишмердигинин деңгээлин жогорулатууга жана беделин бекемдөөгө иш аракеттерин жумшап жатат.

Чет өлкөлүк жана ата-мекендик изилдөөчүлөр тарабынан Шанхай кызматташтык уюмунун түзүлүшү, уюмдун алкагындагы экономикалык жана коопсуздук багыттарындагы кызматташтыгы изилденип жатканы байкалат. Ал эми Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтыу уюмунун алкагындагы маданий-гуманитардык багыттагы кызматташтыгы изилдене элек экендигин көрсөк болот.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана диссертант үчүн өз убактысында деп корутундулоого болот.

**Эскертүүлөр: 1)** Корутундуну кеңейтүү керек, бир барак албетте аздык кылат; 2) Иштин предметине жана обьектине арналган II бапта Маданият, мааламат, спорт жана жаштар саясаты министрлеринин жана билим берүү, айыл чарбанын министрлери менен жаштары жана улуттук туристтик депуттаменттердин администрациясынын таблицалары тиешелүү жакка которулушу зарыл.

**Сунуштар: 1)** Иштин аталышында хронологиялык алкакты көрсөтсө жакшы болмок; 2) Практикалык сунуштарды кеңейтүү зарыл; 3) Илимий иш 07.00.03 шифры менен жакталып жаткандыктан башка чет тилдерде да адабияттан көбүрөөк колдонсо жакшы болмок.

Изденүүчүнүн эксперттик отурумда берилген пикирлеримди эске алып, берген сунуштарымды оңдоду. Андыктан, изденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы диссертациясы Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык жазылган.

Документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Шаршенбек кызы Айперинин “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы диссертациясын ачык коргоого сунуш кылам.

**Төрага:** Сөз үчүнчү эксперт Абдалиева Гульзада Кошоевнанын командировкага кеткендигине байланыштуу, дайындап кеткен корутундусун окуп коюу үчүн окумуштуу катчы Карыева Анара Карыевнага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Маданий-гуманитардык кызматташтык – мамлекеттердин маданият, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, маалыматтык технологиялар, спорт, массалык маалымат каражаттары (ММК), туризм, жаштар чөйрөсү ж.б. тармактардагы кызматташуусу болуп саналат. Ошол эле учурда, «маданий-гуманитардык саясат», «маданий дипломатия» жана «жумшак күч» сыяктуу факторлор диссертацияда маданий-гуманитардык кызматташуунун максаттарына жетүүнүн натыйжалуу куралы катары каралууда. Анткени, мажбурлоо саясатына караганда жагымдуу жүргүзүлгөн саясаттын негизинде маданий-гуманитардык багыттагы иш-чаралар көбүрөөк ишке ашырылып, өз ара түшүнүшүү жана сый-урмат мамилелерин калыптандырат.

Ааламдашуу шарттарында мамлекеттин ички жана тышкы саясаты, эл аралык аренадагы экономикалык багыттагы кызматташтыгы менен тең катар маданий-гуманитардык багыттагы кызматташуу да артыкчылыктуу мааниге ээ. ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык кызматташтыгы 23 жылдын ичинде зор тажрыйбага ээ болду жана Евразия мейкиндигиндеги жашаган элдер менен мамлекеттердин ортосунда өзүнүн кадыр-баркын жана таасирин кеңейтти.

**Эскертүүлөр:** 1) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде чет жерден келген студенттер боюнча статистикалык маалыматтар бар, ошол маалыматтарды кошуусу шарт; 2) Адабияттарды жобо боюнча ирээтке киргизүү керек.

**Сунуштар:** 1) Илимий иштин 4-бабынын биринчи параграфында Кыргызстандын ЖОЖдорундагы Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө мамлекеттеринен келип окуган студенттер жөнүндө маалымат берилүүсү зарыл.

Изденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы" деген темадагы диссертациясы Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык жазылган.

Документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Шаршенбек кызы Айперинин "Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы" деген темадагы диссертациясын ачык коргоого сунуштайт.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү экспертик комиссиянын корутундусу боюнча суроолуздар жок болсо, анда диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтөлү.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер кадамиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.07.23.671 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Шаршенбек кызы Айперинин «Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы» деген темадагы кандидаттык диссертация боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик корутундусу бекитилсин.

**2.** Шаршенбек кызы Айперинин «Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы» деген темадагы диссертациялык иши 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча коргоого кабыл алынсын.

**3.** Бекитилсин:

*Жетектөөчү мекеме* катары – К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы.

*Биринчи расмий оппоненттикке* – Джуманалиев Акылбек Джуманалиевич – тарых илимдеринин доктору, профессор.

*Экинчи расмий оппоненттикке* – Абдалиева Гульзада Кошоевна - тарых илимдеринин доктору, доцент.

Диссертациялык кеңештин төрагасы Осмонов Ө. Ж.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы Карыева А. К.